DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Кадырова Т.*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРГА БҮТКҮЛ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРГА БАГЫТТАЛГАН БИЛИМ БЕРҮҮ

*Кадырова Т.*

# ВОЗМОЖНОСТЬ ПРЕДОСТАВЛЕНИЯ ДЕТЯМ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА ОБРАЗОВАНИЯ ОРИЕНТИРОВАННОГО НА ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЯХ

*T. Kadyrova*

# THE POSSIBILITY OF PROVIDING PRESCHOOL CHILDREN WITH EDUCATION FOCUSED ON UNIVERSAL VALUES

*УДК: 373*

*Макалада жалпы адамзаттык баалуулуктарга түшүндүрмө берилген. Баалуулуктардын мазмуну жана маңызы баяндалат. Мектепке чейинки балдарды кичине кезинен билим берүүнү жалпы адамзаттык баалуулуктарга багыттап окутуп, тарбиялоонун зарылдыгы бар экендиги жөнүндө айтылат. Адамзаттык баалуулуктарга аныктама берилген. Баалуулуктар: Жалпы планетардык, бүткүл адамзаттык, этно-маданий, жеке инсандык категорияларга мүнөздөмөлөр берилет. Улуттук баалуулуктардын мазмуну, маңызы жана түрлөрү жөнүндө баяндалат. Кыргыз элине тиешелүү болгон улуттук баалуулуктарды мектепке чейинки балдарга окутуу, үйрөтүү аркылуу тарбиялоо зарылдыгы көрсөтүлгөн. Адамзаттык баалуулуктардын ичинен билим берүүнүн бир канча милдеттери келтирилет. Адам, анын жашоо турмушу. Адамдардын үй-бүлөсү боюнча түшүнүктөр. Эмгектин жашоо турмуштагы зарылдыгы, мааниси баалуулук экендиги баяндалат. Мектепке чейинки балдарды өнүктүрүүдө баалуулуктардын негизинде окутуу процессин жүргүзүү сунуш кылынган. Анын мазмунунда балдарды эли-жери менен тааныштыруу, кыргыз элинин каада-салттары боюнча маалымат берүү, адамдардын эмгеги боюнча түшүнүктөрдү берүү каралган. Бүткүл планетардык аспектидеги баалуулуктар катары – жер, Ата-Мекен, тынчтык көрсөтүлгөн. Сулуулук категориясына да мүнөздөмө берилип, ал адамдын ички жан дүйнөсүнүн муктаждыгы экендиги чагылдырылат.*

***Негизги сөздөр:*** *адамзаттык баалуулуктар, билим берүү, окутуу, ишмердүүлүк, эстетикалык, эмоциялык, этно-маданий, адам, коом, үй-бүлө.*

*В статье рассматриваются общечеловеческие ценности. Описываются содержание и сущность ценностей. Рассказывается о необходимости раннего воспитания детей дошкольного возраста в соответствии с общечеловеческими ценностями. Определены человеческие ценности. Дано определение таким ценностям, как: универсальный, общечеловеческий, этнокультурный, индивидуальный. Описывается содержание, сущность и виды национальных ценностей. Указана важность обучения детей дошкольного возраста о национальных ценностях, принадлежающих кыргызскому народу. Среди человеческих ценностей показано несколько задач образования. Человек и его жизнедеятельность. Представление о семье. Важность и смысл человеческого труда в жизни. Рекомендуется проводить обучающий процесс для развития дошкольников на основе ценностей. В содержание дети знакомятся с родиной, получают информацию о традициях кыргызского народа и представление о человечоском труде. Как ценность всего планетарного аспекта указана – земля, Родина и Мир. Дана характеристика категории красоты, указано, что это потребность внутренней души человека.*

***Ключевые слова:*** *общечеловеческие ценности, образованин, обучение, деятельность, эстетический, эмоциональный, этнокультура, человек, общество, семья.*

*The article explains universal human values. The content and essence of values are described. Talked about the necessary of education in accordance with universal human value for preschool children. Identified human values. Given definition to: universal, universal human,ethno cultural, individual values. The content, essence and types of national values are described. Indicated the importance of teaching preschool children belongs to Kyrgyz people national values. Shown several education tasks among human values.Human and his live hoods. The conception of family. The importance and meaning of human labor in life. Recommended to conduct learning process based on values for develop preschoolers. In process children received information about their homeland and tradition of Kyrgyz people also knowing an idea of human labor. As a value of world aspect indicated-earth, homeland and peace. Given characterization to the category of beauty as a needed thing of the inner soul of person.*

***Key words:*** *universal values, education, training, activity, aesthetic, emotional, ethno-culture, person, society, family.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Теманын актуалдуулугу.** Адамзат коому өнүгүп, өзгөргөн сайын адамдын жашоосуна тиешелүү болгон нерселер электен өтүп, эң баалуу зарылдыктар жана түшүнүктөр актуалдуулугун жоготпой жашап кала бергендигин эл тарыхынан көрүүгө болот. Азыркы ааламдашуу мезгилинде мектеп жашына чейинки балдарды бүткүл адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялоонун милдеттери өтө актуалдуу маселе болуп коюлууда. Анткени жаш балдарды тарбиялоонун фундаменти адамзаттык баалуулуктарга негизделбесе, анда аларды чоңойгон өспүрүм кезинде эч кандай баалуу нерселерди дүйнөлүк жана улуттук масштабда көрө алышпайт – деп көрүнүктүү илимпоздордун пикиринен жана турмуш тажрыйбадан байкоого болот. Ошондуктан, бул макалада жаш балдарды адамзаттык баалуулуктарга тарбиялоонун мазмуну, маңызы жана милдеттери ачык көрсөтүлгөн. Ушул милдеттер буга чейин эле тарбиялоонун башка милдеттери менен биримдикте жүргүзүлүп келген, бирок жакшы басым жасалбай жана балдарды тарбиялоонун негизи катары каралган эмес. Учурдун талабы балдарды мектепке чейинки жашынан баштап адамзаттын жашоосунун баалуулуктарынын негизинде тарбия ишин жүргүзүүнү талап кылууда.

**Изилдөөнүн деңгээли.** Адамзаттык баалуулуктарга орус элинин көрүнүктүү педагогдору **С.Ф. Анисимов, В.П. Тугаринов** аныктама беришкен. Аны социалдык-философиялык жактан караганда нерселердин, кубулуштун, объектинин пайдалуу жагы болгондуктан, ага умтулуу зарылдыгы менен түшүндүрүшөт. Ошондой эле “Баалуулук инсандык категория деп эсептелет, анткени адамдын керектөөсүн, кызыгуусун канааттандыруучу материалдык, же идеалдык предметтерден турат” - деп **А.Г. Здравомыслов** түшүндүрмө берген.

Акыркы он жылдыкта эдин тарыхый баалуулуктарын калыбына келтирүү максатында билим берүүнүн мазмунунда билим берүүнүн бутактары катары этно-маданий баалуулуктарга жакшы көңүл буруу керектигин **Б.С. Гершунский, Г.Ф. Хасанова** баса белгилеп келишүүдө.

Мектепке чейинки балдарды бүткүл адамзаттык баалуулуктарга тарбиялоодо материалды тандоонун бир канча багыттарын төмөнкү изилдөөчүлөр сунуш кылышкан.

а) Улуттук баалуулуктар жөнүндө түшүнүктү өнүктүрүү аспектиде **А.В. Виноградова, Т.А. Маркованын** сунушунда баалуулуктар балдарга сырттан таасир этип, алардын ички толгонуусун пайда кылууга тийиш деп айтылат.

б) Н.А.Ветлугина, Т.С.Комарова өздөрүнүн илимий көз карашында балдарга билим берүүдө баалуулуктарга багытталган чөйрөнү түзүүнү сунуш кылышат. Балдарга социалдык установка берүү, баалуулуктун өзү үлгү – эталон катары эсептелип, адамдар менен мамиле жасоодо баштоочу ролду ойнойт деп жыйынтык чыгарышат.

Ал эми Кыргызстандык илимпоздор азыркы учурда бүткүл адамзаттык баалуулуктардын негизинде окутуп-тарбиялоону бөлүп көрсөтө элек.

Ошондуктан, мектепке чейинки билим берүүнү “Жалпы адамзаттык баалуулуктарды” негиз кылып алуунун зарылдыгын ачып берүү – **илимий изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.**Ошондой эле адамзаттык баалуулуктардын маанисин, маңызын жана милдеттерин түшүндүрүүгө жетишүү. Мектепке чейинки билим берүүнү кайсы багыттар менен жүргүзүү керектиги жана программага киргизүүгө керек болгон тематикаларды сунуш кылуу – изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

Азыркы балдар – келечекке, дүйнөнү, адамды жана табиятты таанууга багыт алган кичинекей жарандар. Алар турмуштагы кубулуштарды жана окуяларды кызыкчылык, пайдалуулук, эстетикалык, таанып билүү көз карашынан баалоого даяр инсандар. Азыркы баланын ички резервдери ишмердиктин ар кандай түрлөрүндө: оюнда, музыкада, эмгекте, көркөм өнөрдө, изилдөөдө ачылат. Балдар ишмердиктин ар кандай түрлөрүн өз ара ишенимдүү айкалыштырып, бириктире алат. Кандай болгон учурда да балдардын дүйнө таанымын, жалпы өнүгүүсүн чоң адамдардын, айрыкча педагогдордун көзөмөлүндө жана максаттуу окутуу менен тарбиялоонун жардамында жүргүзүү зарылчылыгы актуалдуу бойдон кала берет. Ошондуктан балдарды **бүткүл адамзаттык баалуулуктардын** негизинде окутуп, тарбиялоо негизги маселе.

Мектепке чейинки балдарга билим берүү **баалуулуктарга** багытталбай жана коомдо болуп жаткан баалуулуктарга үйрөтпөстөн жүргүзүү мүмкүн эмес. Азыркы учурда көптөгөн философиялык, этикалык, эстетикалык ченемдер өзүнүн маанисин жоготуп, моралдык стандартка жана балдарды руханий, материалдык баалуулуктарга аралаштыруу, үйрөтүү, ошондой эле дүйнөгө болгон формалдуу эмес мамилеге тарбиялоо чындыкка айланып, актуалдуу болуп калды. Баалуулуктардын терең маанисин карап көргөндө, ал коомдук турмушту чагылдырып турат жана бала тандоо жолун кабыл алып, баа берүүгө, чечим чыгарууга мүмкүндүк алат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Адамзаттык баалуулуктардын бир канча аныктамаларын карап, баалуулуктун колдонулушу жагынан үч багытты аныктаса болот.

**1. Жалпы планетардык аспектидеги баалуулуктар.** Ал көптөгөн кылымдар ичинде социалдык турмуштан келип чыккан. Мисалы: Адам, жашоо-турмуш, үй-бүлөө, эмгек, Ата-Мекен, билим, илим [1].

Педагогикалык адабияттарда булар – **Бүткүл адамзаттык баалуулуктар** деп аталат, ал эми философия илиминде **абсолюттук, түбөлүктүү баалуулуктар** деп аныктама берилген. Бул баалуулуктардын негизги кызматы – жалпы адамзаттын кызыкчылыгын бириктирет.

**2. Этно-маданий** аспектиде каралып, коомдо кандайдыр бир түпкү элдин жашоосуна багытталып аныктама берилет. Мындагы баалуулук улуттун үрпадаты, тилинин өзгөчөлүгү жана жаратылыш шартына байланыштуу түшүндүрүлөт. Булар коом өнүгүпөзгөргөн сайын тарыхый шартта жалпы адамзаттык баалуулуктарга айланып калат.

Мисалы: көрүнүктүү жазуучулар, акындар, композиторлор, сүрөтчүлөрдүн чыгармалары, кол өнөрчүлүк бардык элдер үчүн баалуулук болуп калат, башкача айтканда классикага айланат.

**3. Баалуулук жеке инсандык категория** катары маанини берип, бул тез өзгөрмөлүүлүгү менен мүнөздөлүп, мектепке чейинки балалык мезгилге туура келет. Баланын жашоо турмушунда баалуулуктар кабыл алынып, анын акыл-эсине, түшүнүгүнө тамыр ала баштайт. Бирок баланын түшүнгөн баалуулуктары чоң адамдын койгон өлчөмүнө туура келбеген учурлары көп болот, бирок анын реалдуу күчү бар жана билим берүүдө маанилүү рол ойнойт. Адамзаттык баалуулуктар боюнча мектепке чейинки балдарга билим берүү жана тарбиялоо жалпы педагогикалык процессте иш жүзүнө ашырылат. Сабактарда окутууда сөз өстүрүү, айлана чөйрө менен тааныштыруу, сүрөт тарттыруу, ийлеп чаптоо, музыка занятиелеринде программалык материалдарда көрсөтүлгөн. Жогорудагы айтылган түшүнүктөрдүн негизинде адамзаттык баалуулуктардын мүнөзүн жана ар жактуулугун, структуралык негизин түшүнүүгө болот. Адамдын баалуулук мамилеси мектепке чейинки мезгилден баштап калыптанат. Баланын дүйнөгө карата баалуулуктарды өздөштүрүүсү бардык ишмердүүлүктөрдө жүрүп олтурат, бирок баалуулуктардын бардык түрүн камтыйт дегенге болбойт.

Билим берүүдө балдардын жаштык этаптарына ылайыктап тандоого туура келет. Атап айтсак, -жалпы адамзаттык маданиятты өздөштүрүү, руханий үрпадаттарды үйрөнүүгө багыттоо, коомдун тарыхына жана кандайдыр бир улуттук багытта жүргүзүү;

- гумандуулук багыттарына көңүл буруу;
- сандык жактан чектөө;
- “Адам-жаратылыш, коом”жөнүндө билимдердин системасын айкалыштыруу менен жалпыланууга тийиш.

Мектепке чейинки балдарга баалуулуктарга багытталган билим берүүнүн мазмуну төмөнкүлөрдү өз ичинде камтууга тийиш: Адам жана анын жашоо турмушу, Үй-бүлө, Эмгек, Билим, Ата-Мекен, Сулуулук, Тынчтык [1].

Бул баалуулуктар элдин жашоо турмушунун маңызын, маданиятын чагылдырган интегративдүү коомдук турмуштун баалуу багыттарын түшүндүрөт. Бала бакчанын балдары үчүн жогоруда атап кеткен баалуулуктар маанилүүдөй сезилбейт. Алар алгачкы түшүнүктөрдү гана өздөштүрүп, “ эмне туура”, “ эмне жакшы”, “ эмне жаман”, “ эмнени жасабоо керек” деген гана ойлор акыл-эсинде сакталып калат. Ал эми чыныгы коомдук баалуулуктарды окутуу-тарбиялоо процессинде өздөштүрө башташат.Акырындык менен балдар баалуулуктарга өз алдынча аралашып, анын маңызын, өзгөчөлүгүн, зарылдыгын түшүнүүгө жетишет.

**Мисалы:** Ата-Мекеним – Кыргызстан, элим – кыргыз, мен-кыргызмын, кыргыз музыкасы, кыргыздын оймо-чиймелери, комуз, боз үй, жайлоо, окуу керек, сүрөтчүлөр, композиторлор, жазуучулар, табият, адам-табияттын бир бөлүгү – деген сыяктуу билимдерди өздөштүрүшөт.

Мектеп жашына чейинки балдарды баалуулуктарды кабыл алууга тарбиялоодо педагогикалык **иштердин бир канча багыттары бар:**

**А.** Мектепке чейинки билим берүүдө үйрөтүлүүчү баалуулуктарды аныктоо.

**Б.** Балдарды баалуулуктарга тарбиялоонун мазмунун иштеп чыгуу. Бул мүнөздөмөлөр кандайдыр бир баалуулуктун көрсөткүчү катары баланын жашоосунда көрүнүп турушу керек.

**В.** Баалуулуктарга жол ачуучу балдардын көркөм ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн аныктоо, андан кийин жогорку мектепке чейинки куракта баалуулуктун мазмунун кеңейтүү жана байытуу керек. Бул үчүн фольклор, мифтер, жомоктор, балдар адабияты, скульптура, сүрөт ж.б. көркөм жанрлар колдонулат.

**Адамзаттык баалуулуктардын ичинен билим берүүгө төмөнкүлөр сунуш кылынат:**

**1. Адам жана анын жашоо турмушу:** ар бир адам жеке мүнөзгө ээ, адам кайталангыс, адам айлана-чөйрө менен тыгыз байланышта болот, адам – социалдык инсан, анын ден соолугу, жашоо шарты, турмуш

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тажрыйбасы бар, адамга гумандуу мамиле, адамдын укугу жана милдеттери. Адам-жаратуучу. Ишеним-жашоого стимул, багыт берет. Жер Планетасы – бардык адамдардын жашоочу үйү.

**2. Үй-бүлө:** сүйүктүү ата-эне, бир туугандар; үй-бүлөнүн салты, үй-бүлөлүк майрамдар, жашоого болгон бекем ишеним, үй-бүлө – коргонуч ж.б.

**3. Эмгек:** материалдык жана руханий байлыктар, жаңыны жаратуу,эмгек кубанычы, денелик жана интеллектуалдык эмгек, кесиптердин мааниси.

**4. Билим:** чыгармачылык эмгектин натыйжасы, иш-аракеттин ийгиликтүүлүгү, кызыктуу баарлашуу, бош убакытта акыл эмгек менен алектенүү, нерселерди туура пайдалануу, айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды билүү, таануу.

**5. Ата-Мекен:** туулган Өлкө, жакынкы географиялык жерлер, жеримдин жаратылышы, менин көчөм, менин үйүм, улуттук каада-салттар, үрп-адаттар, элдик искусство.

**6. Тынчтык:** адамдардын,элдин, мамлекеттердин ортосундагы ынтымакчылык – Жер планетасынын жашап туруусунун негизги шарты. Башка элдин укуктарын сыйлоо, кечире билүү, башкаларды түшүнүү.

**7. Сулуулук:** гармониялуу, сонундук, жаратылыштын, искусствонун, кол өнөрчүлүктүн сулуулугу. Кооз жана сулуу нерселер ырахат тартуулайт.

Бул баалуулуктар мектепке чейинки билим берүүнүн мазмунунда камтылып, балдардын эмоциялык кабыл алуусуна таасир этип, ошол нерсеге болгон балдардын аң-сезимүү мамилесин калыптандырат. Баалуулуктар кандайдыр бир эталондор, нормалар менен таасир калтырбайт, аларды балдар сезими аркылуу өткөрүүсү керек. Баалуулук ички регулятор, аракеттенүүгө түрткү берүүчү, ойготуучу турмуштук тажрыйба болуп калуусу үчүн , ал жөнүндөгү билим түшүнүк бойдон гана калбастан бала тарабынан ички дүйнөсүндө кабал алынуусу керек. Кыргыз балдары үчүн маанилүү **этномаданий баалуулуктар –** булар кыргыз элинин искусствосу, кол өнөрчүлүгү, үй жана кийим жасалгалары болуп эсептелет.

**Искусство адамдардагы сүрөтчүлүк, музыкалык, актердук, акындык, жазуучулук таланттарды бала кезинен баштап ойготуп, аны өнүктүрүүгө арналган.** Искусствонун каражаттары жаш муундардын руханий керектөөсүн, муктаждыгын канааттандырат жана адамдын эмгектеги, коомдогу жалпы маданиятын калыптандырат. Улуттук баалуулуктардын бир түрү **музыка** эсептелет. Сөздүн күчү жетпеген жерде, музыканын күчү жетет деп айтылат. Музыка баланын эмоциясына күчтүү таасир этүүчү курал. **В.А. Сухомлинский** музыканын тарбиялык таасири жөнүндө **“Балалык жомоксуз, оюнсуз өтүүсү мүмкүн болбогондой эле, музыкасыз да балалык өтпөйт”** [2].

«Адамды жакшылыкка, сулуулукка, адамгерчиликке үндөөчү эң күчтүү, сыйкырдуу күчү менен чакыруучу каражат – бул музыка. Гимнастика денени кандай түздөсө, музыка – адамдын жан дүйнөсүн түздөйт» - деп айткан В.А. Сухомлинский. Анда, хордук, оркестрдик чыгармаларды, балдардын жаштык курагына ылайыктап уктуруу керек. Булболсо дүйнөгө таанымал классик композиторлордун: Глинка, Чайковский, Римский-Корсаков, Шостаковичтин, Сен-Санс, Моцарт, кыргыз элдик композиторлордун; А.Малдыбаев, К.Молдобасанов, Р. Абыкадыровдордун чыгармалары балдардын таң калуусун, эстетикалык рахаттануусун өнүктүрөт. Жаш балдар **ыр жанрын** да жан дили менен сүйүшөт. Айрыкча атуулдук чакырык ырларын Ата-Мекен, эл, жер, энелер жөнүндөгү ырларды сүйүү менен ырдашат. Ал ырлар мектепке чейинки балдарга өз жеринин сулуулугун, энелердин ыйыктыгын, Ата-Мекендин алмаштырылгыс касиеттери жөнүндө эмоционалдуу кабыл алышат.

Мындай ырларды үйрөтүү жаш муундарды патриоттуулукка үндөп, экинчи жагынан музыканы баалоого, сүйүүгө тарбиялайт.

Баалуулуктарды **ишмердүүлүктө өздөштүрүү.** Бала бакчада тааныштырылып жаткан баалуулук баланын турмушунда колдонулуп жаткандыгы маанилүү. Мында балдардын тажрыйбасына таянып, ага зарыл болгон каражаттарды пайдалануу менен, балдардын билимин практика жүзүндө бекемдеп, алардын ар жактуу активдүүлүгүн бардык жактан колдоо зарыл. Балдарды бүткүл адамзаттык баалуулуктарга үйрөтүү алардын инсандык өнүгүүсүнө таасири чоң. Башкача айтканда социалдык маанилүү мотивин ойготуп, мамилесин калыптандырып, сүрөт, музыка каражаттары аркылуу толгонууларын пайда кылып, кызыгууларын, ишмердүүлүккө берилгендигин өнүктүрүүгө болот.

**Корутунду. Бүткүл адамзаттык баалуулуктарды** адабияттардан изилдеп, анын маанисин жана ордун чечмелеп, аны “ Бала бакчада балдарды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүүнүн базистик программасы” менен салыштырганда, балдарга билим берүүдө Ата-Мекен, жаратылыш, тынчтык, үй-бүлөө жөнүндө темалар үйрөтүлө тургандыгы аныкталды. Ошондой эле балдардын теориялык билимдери көркөм ишмердүүлүктөр менен коштолуп жүрө тургандыгын Ош шаарынын № 46-балдар бакчасынын иштеринен көрө алдык. Ошондой болсо да Базистик программада

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



“Бүткүл адамзаттык баалуулуктар” деген сөз эч жерде колдонулган эмес. Экинчи жактан, тарбиячылардын иш пландарында да адамзаттык баалуулуктарды таанытуу, үйрөтүү деген максаттар белгиленбегендиги көрүндү. Мына ошондуктан окуу жай менен балдар бакчасынын ортосунда илимий-практикалык иштерди кызматташтыкта жүргүзүү сунуш кылынат.

**Адабияттар:**

1. Ешкова Н.С. “Дошкольная педагогика”. - Москва, 2020.
2. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям. - М., 1997.
3. Субанов К. Жеңижоктун чыгармачылыгындагы эстетикалык ой жүгүртүүлөр. - Бишкек, 2002-жыл.
4. Усенко Л.В, Сейдекулова К.С. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялооонунун жана өнүктүрүүнүн базистик программасы. - Бишкек, 2004.
5. Буре Р.С., Островская Л.Ф. “Воспитатель и дети”. - М., 2001.
6. Исаева А.А. “Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары үчүн усулдук колдонмо”. - Бишкек, 2014.